АЙГҮЛ ТОГОЛОКОВА

Гүл канатчан периште



«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2026

УДК 821.512.154-3
ББК 84 (5 Кир)–44
Т 93

Тоголокова, Айгүл.
Т 93 **Гүл канатчан периште**. Бишкек: «Улуу Тоолор», 2026. – 80 б.

ISBN 978–9967–29–956–6

Колуңуздардагы китеп кырчындай кезинде айыккыс дартка чалдыгып, ажалга моюн сунган кызыбыз Жамиланын бул дүйнөдөгү кыска, бирок нуска өмүрүн баяндайт. Аз өмүрүндө үлгүлүү келин, мээримдүү эне, сүйүктүү жубай боло алган Жамиланын элесине арналган эстелик-китеп бардык окурмандарга арналат.

УДК 821.512.154-3
ББК 84 (5 Кир)–44

ISBN 978–9967–29–956–6 © Тоголокова А., 2026.



АРУУЛУККА ТААЗИМ

(автордон)

Адам баласынын жүрөгүндө түбөлүккө жашап кала турган өзгөчө, аруу ысымдар болот. Алар жылдар өтсө да өчпөй, эскирбей, унутулбай өмүрүңдү коштоп, жарыгын чачып, жан дүйнөбүздү жылытып турат. Өзүн көрбөсөм да, сөзүн укпасам да бул жарык дүйнөдөн жаш өтүп кеткен Жамила аттуу келиндин басып өткөн жолу, өмүргө болгон сүйүүсү, жакындарына жасаган жакшылыгы, жаркын маанайы мени ар дайым ээрчип жүрчү болду. Анын жолдошу Эрнист менен алгачкы баарлашуудан тартып, алардын айныгыс махабаты, жаштарга үлгү боло тургандай бири-бирине болгон урмат-сыйы менин жүрөгүмдү жылытты. Эрнистти угуп отуруп, алардын сүйүүсү тууралуу, Жамиланын

өмүрү үчүн болгон күрөшү тууралуу эскерүү баян жазгым келди. Эл ичинде оорунун курмандыгы болгон канча Жамилалар бар, канча наристелер энесиз өсүп атат... Аларды ойлоп аттиң дейсиң, кабыргаң кайышат. Бирок ажал деген улук экен. Ажалдын алдында адам алсыз экен.

Орду толгус оор жоготуунун ордун бир эскерүү китеп басмак беле?

Бул китеп тек гана Жамиланын эстелигинин алдына коюлган гүлчамбарыбыз болсун! Китеп Жамиланын жолдошу Эрнисттин айтып берүүсү боюнча жаралды. Ал качан, кандай айтып берсе, кагаз бетине да ошондой өзгөртүүсүз түштү. Эрнист Жамиласы тууралуу эстеп айтып берип жаткан учурдагы анын абалын, жубайын сагынып сыздаган карегин, жүрөгүндөгү бук-арманын сүрөттөп берүүгө менин сөзүм жеткен жок. Бирок дал ошол сөздөрдөн Эрниттин Жамиласына болгон таза, тунук сүйүүсү, экөөнүн бири-бирине болгон урматы ачык айкын көрүнүп турду.

Бул сезимдер ар бир окурмандын жүрөгүнөн түнөк табат деп терең ишенем. Алардын бирге өткөргөн бактылуу көз ирмемдери, айтылбай калган арзуулары, аруу тилектери жана чексиз сагынычы китепке камтылды. Бул – жөн гана жоготуунун баяны эмес, таза сүйүүнүн, өчпөс элестин, түбөлүк өкүттүн баяны. Ажал адамды арабыздан алганы менен, артында калган жаркын элесин, таза сүйүүсүн ала албайт. Алдыда, күз мезгилинде Жамила кызыбыздын ашы берилет. Китептин дал ушул күндөрү жарык көрүп, окурмандардын колуна тийиши – анын аруу рухуна багышталган түбөлүктүү куран-дубабыз.

ГҮЛ КАНАТЧАН ПЕРИШТЕ

(Аңгеме-эссе)

– Менин эч жерим ооруган жок, мен сакайдым, мен сакайдым…

– Жамила, Жамила… Сен сакайгансың!

– Ооба, билем. Эми кетишим керек.

– Кетпе, сен сакайгансың да?!

– Баары бир кетпесем болбойт. Балдарды жакшы кара! Мен баарыңарга ыраазымын. Атама, апама, бир тууган-дарыбызга, сага. Мен бактылуумун, эрке келин болдум, бактылуу жашадым. Апам, атамдар өз кызынан кем көргөн жок. Мен баарына ыраазымын!

Жамиланын колун кармап отургам. Ал шыбырап мага сүйлөп аткан калыбында акырын колун сууруп алды да, ордунан туруп, эшикти көздөй жеңил басыгы менен жөнөдү. Тим эле учуп бараткансып каалгып, жеңил көрүнөт.

Көйнөгү да, өзү да желбиреп, желге каалгып баратат. «Жамила, токто!» – деп, колумду сунуп, артынан ээрчидим. Назик ак көйнөгү шамалга желпилдеп, артына бурулду да, мени карап жылмайды. Ага умтулуп, кучагымды жая бергенимде, анын карааны акырындап бүдөмүк тартып, туман арасына сиңип, алыстап-алыстап, анан көрүнбөй кетти. Дагы жетишпей калдым…

Дагы аны кармап кала албадым…

Бул жолу да аны кучактап кала албадым.

Кейип атып ойгонуп кеттим. Дагы баягы кусалыкка толгон түш. Өңүмдө да аны кармап кала албадым деп кейип алдым. Ичим ачышты. Ушул түштү кайталап көрө берем. Бирде Жамиланы кармап кала албайм, бирде ал кучагымдан суурулуп качат, бирде бутум тушалып калгансып кадамдарым шилтенбей, ордумдан жыла албай туруп калам. Айтор, аны бир да түшүмдө кармап кала албадым. Жаздыгым адатындай былчылдап суу экен. Көз жашымдын качан

төгүлгөнүн, качан ыйлаганымды өзүм да билбей калам. Болгону, ар түн сайын ушул түш ар түрдүүчө болуп кире берет. Ар түн сайын Жамилага жолукканым, аны көргөнүм, анын колун кармап отурганым чын. Ооба, ар түнү мен аны кайра табам, көрөм, жанында отурам, маектешем. Бирок ар таңда аны кайрадан жоготом.

Көкүрөгүмдү кусалык, өкүнүү, арман өрттөп кеткендей болду. Түшүмдү, түшүмдө аны кайрадан жоготуп алганымды эстеп отуруп мен аны тапкан күндөрүмө, аны алгач ирет көргөн күндөрүмө кайтып баргым келди...

* * *

Башталгыч классты айылыбыздагы үйүбүзгө жакын мектептен окуп бүтүрдүм. Бешинчи класска көчкөнүмдө мени ата-энем сапаттуу билим алсын деген тилек менен айылыбыздагы чоң мектепке беришти. Чоочун мектеп, чоочун класс, жаңы мугалимдер, чоочун балдар-кыздар. Класс жетекчимди ээр-

чип, бир класска баш бактым. Класстын босогосун аттаганымда андан ары эмне кыларымды билбей ордумда туруп калдым. Эжейим өзүнүн үстөлү тарапка басып кетти. Класстын ичиндеги балдар-кыздарды кыдырата тиктеп алдым. Алар да мени же жактырганы белгисиз, же жактырбаганы белгисиз, баары бир көздөн сынай тиктеп отурушту. Аралары-нан мени жадырап, жылмайып тиктеп турган бир кызга көзүм түштү. Андан башка эч нерсе көрө албай, турган ордумда каттым да калдым. Анын узун эки өрүм чачы эки ийинине төгүлүп, капкара тунук көздөрү, калем менен сызгандай капкара каштары өзгөчө бир сулуулук берип турат экен. Биринчи көргөн ошол көз ирмемде, бала жүрөгүмдүн тынчы кетип, тыбырчылап согуп кирди. Ичимден: «Бул кыз меники... Ал менин жашоом, келечегим болот» деп, аны эч кимге бергис кылып, өзүмө түбөлүккө энчилеп алдым, негедир. Таанышты-к, аты Жамила экен.

Ошол бешинчи класста таанышкан күндөн тартып, мектепти бүткөнчө – туптуура жети жыл ал экөөбүз бир партада отурдук. Окуучулук күндөрдүн кайталангыс бактылуу ирмемдерин, жылдарын, майрамдарын, кечелерин, оюндарын бирге өткөрдүк. Бирге күлдүк, бирге кыялдандык. Мен так илимдерге, математикага жакын болгонум үчүн финансы тармагын тандайм, окуумду ушул багытта улантам дечүмүн. Жамила кичинесинен эле китепке жакын өсүп, келечекте мыкты мугалим болууну кыялданар эле. Ал тургай мен анын кыялдарына өзүм күбө болбодумбу. «Мен мыкты мугалим болом, мен тарбиялаган, мен билим берген балдаркыздар Кыргызстанга аты чыккан белгилүү инсандар болот. Сүрөтчүлөрдү, спортчуларды, ырчыларды, коомдук ишмерлерди, жазуучуларды өстүрөм. Мен Мекениме бала тарбиялап, мыкты адамдарды тарбиялап, өспүрүмдөргө мыкты билим берип гана кызмат кыла алам» деп көп кыялданчу...

Эсимде, тогузунчу класста окуп атканыбызда кыргыз тили жана адабияты сабагынан «Биз келечекте» деген темада дилбаян жазып калдык. Мындай учурларда биздин класс эле эмес мектеп боюнча Жамила эч кимди алдына салчу эмес. Анын дилбаяндары ар дайым «5» деген баага татып, биринчи орундарды бербейт эле. А калганыбыз тапшырманы аткарыш үчүн, мугалимден кутулуш үчүн бир нерселерди чиймелеген болчубуз. Мен да ошондо эл катары дилбаян жаздым. «Биз бир кушпуз, бир канатыбыз гүлдөн, бир канатыбыз болоттон болот. Биз алыстарга учабыз!» деп дилбаянымды жыйынтыктаган элем. Дилбаянымдын акыркы сүйлөмдөрү мугалимибизге да, классташтарыма да аябай жагып, кол чаап куттукташкан мени.

Ал сүйлөмүмө бир гана Жамила толук түшүндү. Бизди, биздин максатыбызды, биздин сүйүүбүздү айтып атканымды бир гана Жамила түшүндү. Түшүнгөнүн билдиргенсип эки жагын

абай салып карады да, партанын астынан колун узатып, колумду бекем кармап кысып койду.

* * *

Эки өспүрүмдүн – Жамила экөөбүздүн мамилебиз, бири-бирибизге болгон сый-урматыбыз, сүйүүбүз өзүбүз менен кошо чоңойду, өзүбүз менен кошо өстү. Боюбуз өскөн сайын сүйүүбүз өсүп, өзүбүз чоңойгон сайын сүйүүбүз да чоңоюп бараткандай сезилчү мага. Ошентип биздин бешинчи класстан башталган тунук булактай таза махабатыбыз бой жеткенде чоң дарыяга айланды. Адатта дарыя алдынан чыккан тоскоолдукту жарып, тоо-ташты бузуп, күргүштөп агат го. Биздин да махабатыбыз ошондой албууттанган, аркы-беркиге карабаган дарыя эле. Бирок кандай дарыя болбосун анын жолун тосо турган таш дубалдар чыгарын биз анда билбесек керек. Алдыбыздан чыккан эң алгачкы тоскоолдуктарга агымыбыз ала-салып, өйдө-ылдый чайпала түштү. Бизге

каршы болгондор бир канаты болоттон, бир канаты гүлдөн турган куштун канатын кыркып, Эрнисттин «болот канатын» ийүүгө, Жамиланын «гүл канатын» кыркууга даяр болгон учурлар да болду. Бирок биз ал тоскоолдуктарга жеңилип махабатыбыздан баш тартып кеткен жокпуз. Ошол кыйын күндөрдө бири-бирибизди эш тутуп, бири бирибизди дагы бекемирээк кучактап сүйүүбүз, бактыбыз, келечегибиз үчүн акыр аягына чейин күрөшөрүбүзгө ант бердик.

...Асманда Ай жаркып тийип, мен силер мененмин, ар дайым силерге жол көрсөтүп Асманыңарда жанып турам деп так төбөдө Ай турган айлуу түн эле. Жамила экөөбүз адатыбыздай биздин айылдын четиндеги эски, кароосуз калган бакчада жолугуштук. Анын карагаттай кара көздөрүнө жаш тегеренип, өңү кубарып турду.

– Эрнист? – деди тээ бир топто үнү калтаарып, мага бир нерсени айтсамбы-айтпасамбы деп чайналып турганы

байкалды. Анын кооптуу үнүнөн мен да селт эттим. «Эмнени айтар экен, жолубуз ушул жерге чейин десечи, үйдөгүлөрдүн ыраазычылыгы жок болбойт десечи?» – деп ар нерсенин башын бир ойлоп алдастай түштүм.

– Илгери-илгери биздин айылда бир кудук болгон экен, – деп сөз баштады ал жай гана. «Өх!» – дедим ичимден. Сөздүн төркүнү кайда барарын билбесем да, мен ойлогондой жаман эмес экенин түшүндүм. Анан анын сөзүнө кулак түрүп калдым. Ушул учурда ал эмнени айтса да, эмне десе да тажабай угууга даяр элем. Эң негизги «баары бүттү, болбойт, күрөштөн тажадым» деген сөз айтпаса эле болду мага.

– Кудуктун жанында жашаган адамдын жаш, келбети келишкен сулуу келинчеги болуптур. Суу алганы келген адамдардан жөнү жок эле жубайын кызганган карамүртөз, өзүмчүл неме эл суу ичкен жалгыз кудукту өзүнө гана менчиктеп, тегерегин бийик таш менен курчап дубал куруп чыккан экен.

Анын дубалынан ашып өтүп суу алууга эч ким даабаптыр. Эл суусуз калыптыр. Суу сурап келген кедей-кембагалдарды, ач-жылаңачтарды кууп жанына жолотчу эмес экен. Күндөрдүн бир күнүндө карыган, дубана кемпир суу сурап келиптир. Ансыз да суу сурагандардан көңүлү үч көчкөн журттай калган өзүмчүл адам кемпирди кудукка эмес, таш дубалдын жанына жолотпой кууптур. Бул дүйнөнүн азап-жыргалынан кечип, жер кезип жүргөн дубана бир тамчы суу көзүнөн өтүп жалдыраптыр. Анын өмүрү бир тамчы сууга байланып турган экен, көрсө. Кемпир алы кетип алсырап, таш дубалдын жанында ошол күнү жан бериптир. Бирок өлөр алдында болгон күчүн, кайратын жыйнап: «Бул суу силерге бакыт алып келбесин! Таш дубалыңдын ичинде өзүң да, өзүңдөн да, элден да бийик көргөн сулуу аялың, ага болгон махабатың да куурап, жаш өмүрлөрүңөр соолуп калсын! Махабатың кудугуңдан мурун, кудугуң махабатыңдан мурун соолсун!» – деп

тескери бата берген экен. Ошол түнү кудуктун суусу заматта тартылып, кургап калыптыр дешет...

Уламышын айтып бүттү да, менден бир жооп күткөнсүп менин көкүрөгүмдө турган башын жогору көтөрүп мага тигилди Жамила. Мен ага эмне дээримди билбедим. Биздин сүйүүбүз менен кудук тууралуу уламышты бири-бирине байланыштыра албай айлам кетти. Көңүлү чөгүп турган неме, мага бирдемени айтып бергиси келгенин ойлодум.

– Менин өмүрүм да ошол кудуктай соолуп калбас бекен? – деп ал мага суроолуу карады. Чочуп кеттим. Андан мындай суроону күтпөсөм керек.

– Кайдагыны айтасың да, сени менен, биз менен кайдагы бир кудуктун эмне байланышы болмок эле?! – деп аны урушкан болдум. Балким биздин махабатыбыз да ошол кудуктай соолуп калбас бекен деп айткысы келгендир. Мен анын болор-болбос титиреген колдорун бекем кармап, алаканыма кон-

дурдум да: «Ал кудуктун суусу өзүмчүлдүктөн жана таш боордуктан куураган. Ал эми биздин ортобуздагы сезим бул кудук эмес, бул тунук булак. А булак деген керек болсо ташты жарып, тоону бузуп агат, ушуну унутпа! Булакты эч кандай таш дубал тосо албайт. Мен жанында турганда эч нерсени ойлонбо, эч нерседен коркпо. Илгертен жамандыкты жакшылык жеңген, караны ак жеңген, жек көрүүнү сүйүү жеңген дүйнө бул! Биз да жеңебиз!» – дедим ишенимдүү. Ошондо анын көздөрүндө коркунучтун оту жоголуп, ишенимдин оту жанып, мага адатындай жалжылдап тигилип турду.

Ошол түнү эмнегедир коркунучтуу түш көрдүм. Жамила өзү айтып берген кургаган кудуктун түбүндө ыйлап отурат. Кимдир бирөөлөр чоң-чоң таштарды кудуктун ичине таштап жатышат. Мен болсо чөлдүн ортосунда турупмун. Кудукту, анын тегерегиндеги болуп аткан окуяларды алыстан көрүп турганым менен, аларга жакындай

албайм. Улам алдыга умтулуп кадам таштаганы аракет кылам. Бирок бутум чөлгө батып турганы үчүн чыгалбай жаткандаймын. Жамилага жардам бергим келип, бирок ага жетпей, бутумду шилтей албай «Жамила, Жамила!» деп кыйкырып, кара терге түшүп атып ойгонуп кеттим. «Ыйлап атпайбы, демек, Жамилам сүйүнөт, адамдар таш ыргытып атса – ырыскы, чачыла, бакыт. Менин чөлдө турганым – кыйналганым, ага жетпей жатканым – сагынычым, сүйүүм» деп түшүмдү жакшылыкка жоруп, тирлигимди улап кеттим.

* * *

Мен үйдөн чыгарда короодон үзүп алган ак розаны Жамилага сундум.

– Бул сага. Бүгүн демейдегиден сулуу, демейдегиден назиксиң, таптакыр башкачасың! – дедим шыбырап.

Ал адатындай жарк эте жылмайып, гүлдү алып, сабагындагы тикенектерин акырын кармап көрдү. Анан менин көзүмө тик карап:

– Башкача? Кандай башкача? Бантигим кыйшайып калган го, ээ? – деп, төбөсүнө байлаган ак бантигин кармалап кирди.

– Жок, жок, түз эле турат. Сен билесиң да мен эмнени айткым келгенин... – деп, көзүмдү ала качтым.

– Билем, – Жамила акырын шыбырады да, гүлдүн желекчелерин сылады.

– Бул гүл баягы биз бешинчи класста таанышкан күнкү мектептин бакчасындагы розаларга окшош экен, ээ?

– Ооба, – дедим мен да жылмайып. – Ал күндү мен эч качан унутпайм. Сага да эстетейин деп, атайын ошого окшош гүлдөн үзүп келдим. Силердин мектепке алгач келген күнү мага баары чоочун көрүнгөн эле. Анан эле сенин көзүңө көзүм урунду. Негедир, баары тааныштай, мен деле ушул мектептин, ушул класстын бир бөлүгү өңдөнүп жан дүйнөм тынчый түшкөн. Ал тургай сени карап отурганымда, ичимден бир үн: «Сен мындан ары жалгыз эмессиң, бул кыз сенин адамың», – деп шыбырагандай болгон.

– Койчу, мага муну айткан эмессиң, – деди Жамила назданып. Дал ушул учурда ал мага ошол күнкүдөй, такыр өзгөрбөгөндөй көрүнүп кетти.

– Сен анда абдан уялчаак элең, кудум азыркыдай, – дедим өткөн күндү эстеп. – Мен класска кирип келгенде эң арткы партада, эки өрүм чачыңды кармалап, уялып отургансың, эсиңдеби?

– Ал эми сен эшиктин босогосунда туруп алып, мени ушунчалык тиктегенсиң, мен уялмак тургай коркуп кеткем, – Жамила күлүп жиберди.

– Корккон эмессиң. Сен мага орун бошотуп бергенсиң.

– Сага эмес, өзүмдүн келечегиме орун бошотуп берген турбаймынбы, көрсө... – деди сыймыктанып. Анын үнү калтырап көздөрү толкуй түштү.

Май айынын жылуу шамалы мектеп короосундагы гүлдөрдү, теректерди өзүнчө термеп, келечекке жол алган бизди өзүнчө ыргап максат-кыялдарга чулгап турду. Мектеп директорунун бүтүрүүчүлөргө ак жол каалаган салтанат-

туу сөзү менен башталган кече, биздин ордубузга келген жаңы бөбөктөрдүн ыр-бийи менен уланып атты. Билим алган мектебибиз менен коштошуп, бизге арналган ырларды, каалоо-тилектерди дем тартпай тыңшап турдук. Окуучулук күндөр менен коштошконубузга өкүнсөк да алдыдагы жаркын келечекке, чоң турмушка чакырган жолдор Жамила экөөбүздү кубантпай койгон жок. Дал ушул учурда: «Коңгуроо, коңгуроо», «Эрнист кайдасың?» – деп мени издеп аткандарын кулагым чалды. Акыркы коңгуроо. Биздин акыркы коңгурообузду кага турган кызды мен көтөрүп чыкмак эмес белем. «Чурка» – деди Жамила мени ого бетер шаштырып.

Эки аппак бантик байланган, бир колуна жез коңгуроону алып мени күтүп турган татынакай кызды ийниме кондуруп, алдыга кадам таштадым.

«Чың-чың-чың!» «Чың-чың-чың!»

Кыздын колундагы коңгуроо дал кулагымдын түбүнөн жаңырып атты. Мектептин ортосундагы аянтты бир

тегеренип келдик. «Чың-чың-чың!» «Чың-чың-чың!» Биз үчүн жаңырган акыркы коңгуроого кулак түрүп баратып эл ичинде турган Жамилага көзүм уруна түштү. Анын кирпиктери титиреп, көзүнөн жаш тегеренип кетти. Бул акыркы коңгуроо биздин мектептеги бейгам күндөрүбүздүн бүткөнүн гана эмес, ушул күнгө чейинки бир партада өткөн биргелешкен жашообуздун аягына чыкканын билдирип турду. Бул биз үчүн шыңгырап жаткан акыркы коңгуроо эле...

Ийнимдеги көпөлөктөй кызды жерге түшүрдүм да Жамиламын жанына жеттим.

– Эрнист, эми эмне болот? Биз окуунубүттүк, эми экөөбүз эки бөлөк окууга тапшырсак... – Жамиланын үнү калтырап кетти.

Мен эч нерсе дебестен, анын болорболбос титиреп жаткан кичинекей колун алып, бекем кармадым.

– Мен бул колдорду эч качан коё бербейм, өмүр боюу азыркыдай бекем кар-

мап өтөм! Мен бул мектепке келгенде жалгыз келгем, Жамила. Бирок бул жерден кеткенде жалгыз кетпейм. Кайда болсок да, бирге болобуз. Түшүндүңбү?

Жамила түшүндүм дегенсип, башын ийкеди...

Асманга карай ондогон түркүн-түстүү шарлар учурулду. Классташтар бири-бирибизди кучактап, куттуктап ызы-чуу түшүп жатып калдык. Кызык, ошондо эмне үчүн, эмнеге бири-бирибизди куттуктап кубандык экен? Бөлүнүп атканыбыздыбы, же бул турмушту оюн көрүп ага аттанып атканыбызды, айтор бири-бирибизди куттуктап аттык. Жамила экөөбүз кол кармашкан бойдон, бийикке, өз кыялдарыбызга карай калкып бараткан шарларды узатып карап турдук. Бул акыркы коңгуроо биз үчүн бир жолдун бүтүшү эмес, жети жыл мурун башталган таза сүйүүбүздүн жаңы барагы, жаңы жолу эле. «Жолубуз ачык болсо экен!» – деп тилендим ичимден...

* * *

Мектепти бүткөндөн кийин мен Ош шаарындагы жогорку окуу жайдын финансы бөлүмүнө, Жамила Кызыл-Кыя шаарындагы жогорку окуу жайдын физика-математика бөлүмүнө тапшырды. Экөөбүз эки шаарда окуп аттык. Мурда күндө жолугуп, бири-бирибизди күндө көрсөк, эми ортобузда чубалжып айыл менен шаарды бөлгөн узун жолдор жатты. Бирок сүйүү бардык жолдорду жакындатат окшойт. Студенттик мезгилдеги бири-бирибизден узакта калган төрт жыл билинген жок. Ошол убактарда эле Жамила биздин айылдагы мектепте мугалим болуп иштеп аткан. Мектепте окуп жүргөндө эле Жамилам мыкты окуп, ар кандай сынактардын жеңүүчүсү болгондуктан, 2-курсунан тартып эле иштеди. Мектептеги алдыңкы мугалимдердин катарын толуктап бат эле эл оозуна алынып кетти. Ал мага караганда элине эрте кызмат кылып баштады. Убакыт учкан куш экен, билинбей эле колубузга диплом-

дорубузду да алдык. Андан кийин гана бардык сагынычка, кусалыкка, жалгыздыкка чекит коюп, баш кошууну туура көрдүк...

Биздин үлпөт тоюбуз айылда өзүнчө бир унутулгус окуя болду. Айылыбыздын куту болгон апалар ак жоолуктун ичине ак батасын кошуп ороп Жамиланын башына салышып, анын аттаган босогону кут кылып, бактылуу колукту болушун тилеп жатышканда, менин кубанычымда чек жок эле. Экөөбүз кол кармашып туруп коноктордун каалоотилектерин угуп жатып: «Эми менин дүйнөм да, бактым да ушул кыз», – деп ичимден кайталап жаттым. Жүзүнөн нур төгүлгөн Жамила да уяла жылмайып, мага карай ишенимдүү карап турганы күнү бүгүнкүдөй эсимде. Бардык жаштардай эле биздин да жаңы турмушубуз ушинтип чоң үмүт, аруу тилектер менен башталган.

Үйлөнгөндөн кийинки күндөрүбүз кубанычка, бактылуу көз ирмемдерге толду. Эң чоң кубанычыбыз – айылдан

өзүнчө үй курууга жер тилкесин сатып алганыбыз болду. «Биз менен кошо өсүп, биз менен кошо көктөсүн» деген жакшы тилек менен жерибизге алгач бак-дарак отургуздук. Жамила экөөбүз көчөттөрдү отургузуп, түбүнө суу куюп жатып: «Кудайым буюрса, ушул терек-тер бой тартып чоңойгондо, көлөкөсүндө уул-кыздарыбыздын ойнойт», – деп кыялданчубуз.

...Жамилам ого бетер көркүнө чыгып, тун наристебизди күтүп аттык. Ошол жылдары элдин турмушу абдан оорлошуп, айылда жумушсуздук күчөй баштады. Электр жарыгы тез-тез өчүп, кыштын каардуу ызгаары менен кошо азык-түлүктүн баасы асманга чыгып, эл туш-тараптан кысылып турган маал эле. Эл башына түшкөн кыйын күндөр биздин кичинекей үй-бүлөнү айланып өткөн жок. Эл көргөндү көрүп, эл менен кошо кыйнала баштадык. «Өлбөгөн жанга жаз келет дегендей» узун, катаал кышты артка калтырып, июнь айынын жадыраган күнүндө Жамиланы оорука-

нага жеткирдим. Жубайым аман-эсен көз жарып, «ата» деген сыймыктуу атка ээ болуп тун кызымды колума алдым. Кызыбызга Салиха деп ат бердик.

Ата деген аттын өзүндө канча сыймык болсо, ошончо жоопкерчилик болорун кызым дүйнөгө келгенде сездим. Алдыда узун кыш барын, үй салуу керектигин, балдарыма келечек түптөө керектигин ойлоп, сыртка чыгып иштөөнү чечтим. Айылдын ишке жараган жаштарынын көбү эле ушинтип байлык, жумуш издеп сыртта жүргөнүнө көп болбодубу. Мен да алардын катарын толуктадым. Жаңы эле төрөгөн жубайымды, ата-энемди жана ширин кызымды таштап, чоочун жердин чоочун турмушуна аралашып кеттим. Москва шаарына барып таксист болуп ишке кирип, күндү күн, түндү түн дебей иштеп жүрдүм. Эс алууну, уйкуну кийинкиге калтырдым. Оо, кийин үйбүлөмүн жанына жеткенде, Жамилама жеткенде, өз үйүбүздү курганда уктайм, эс алам деп ойлодум. Узун-узун,

чоң-чоң жолдордогу тыгындарда турганда, айылдагы жылуу коломтонун жанында отурган Эрнист эмес, бөлөк бирөөдөй өзүмдү чоочун сезер элем. Жамиланын, кызымдын элеси, экөөбүз отургузган теректер эсимден бир саам да кетпей, сагынычка муунуп жүрдүм. Бирок чыдоого туура келди. Алыста менин жолумду күткөн, менден чоң үмүт арткан ата-энем, жубайым жана кызым бар эле. Жада калса өзүмдүн жеген-ичкенимди чектеп, бар тапканымды жыйнай бердим.

Ал убакта телефон байланышы да начар болгондуктан, жумасына бир жолу сүйлөшүү биз үчүн чоң майрамга айланчу. Ал сүйлөшүүбүз деле үзүк-үзүк кыска болот «Сагындым», «баары жакшы», «акча жибердим», «акча алдым» деген сөздөр менен коштолот.

– Эрнист, өзүңдү этият кыл. Менде баары жакшы... Салиха да чоңоюп жатат, – деп Жамила мени жооткотот. Канчалык билдирбейин деп тырышса да, анын үнүнөн чыдамкайлык менен

кошо терең сагынычты, жалгыздыктын табын туюп турчумун.

– Жами, аз калды, аз калды, чыдап койчу... Бир аз ирденип алайын, дароо кайтам, – деп ар сүйлөшүүдө ага убада берем. Бөлөк жерге бара калып эле, акчаны бурдап таап ирденип кетүү оңой-бу? Оңой болсо канча кыргыз эмдигиче мынтип кыйналбайт эле го деп ойлоном. Видео-чаттан тунарып көрүнгөн кызымдын кичинекей колдорун карап, түн ичинде машинанын ичинде ыйлаган күндөрүм да болду. Чоочун жерде мендей аталар канча, алыстагы атасын күткөн наристелер канча... Мен алардын санын бир кишиге болсо да азайтам деп көшөрдүм. Мекениме кайтуу үчүн ого бетер күч жыйып, тыным билбей кара жанымды карч уруп иштедим...

* * *

Үйүмдүн босогосун аттаганда эле, короодо кызымдын жөрмөлөп бара жатканын көрдүм. Жамила сүт куюлган идишти колуна кармаган боюнча ор-

дунда катып туруп калды. Аларга жолго чыкканымды айтпай келгем, атайын. Жөрмөлөп бара жаткан кызым бөтөн кишиден чочулагандай токтоп, капкара чоң көздөрү менен тигилди мага. Аны кучагыма алып, көкүрөгүмө кысканда, чоочун жердеги тарткан бүт түйшүгүм, чек аранын ары жагындагы муздак түндөр, сагынычтын бардык азабы заматта жуулуп кетти. Нарыта турган Жамиланын жоолугунун учу менен көз жашын сүртүп жатканын көрүп, өз өмүрүмө, өз үйүмө кайтканыма шүгүр кылдым...

* * *

Айлар жылга, жылдар жылга алмашып жыла берди. Баягы жер тилке-бизге отургузган чыбыктар бой тиреп өскөн саябандуу даректарга айланды. Алар да биз менен кошо жазды көрүп жайкалып, күздү көрүп күүлдөп ыргалып турат. Жамила экөөбүздүн да махабатыбыз мезгилдин сыноосуна туруштук берип, даректарыбыздай тамырын тереңге жайды.

Билимибизди тереңдетүүнү көздөп, Ош мамлекеттик университетине магистратурага тапшырдык. Жамила окуусун да окуп, мектепте да иштеп жүрдү. Мен да аны кабагым-кашым дебей эрте менен окуусуна жеткирип, түштө мектебине алып келип, ар тараптан колдоп турдум. «Сүйүү менен курулган үй-бүлөнүн керегеси кең, уугу узун, түндүгү бийик» болот – дегендей, бактылуу өмүрүбүз уланып жатты. Кудай бизге бир кыз, эки уул берип, үйүбүз наристелердин шаңдуу үнүнө толду.

Бир күнү кечинде короодогу курулуш материалдарын ирээттеп, не барне жок экенин тактап, кем-карчын эсептеп аткам. Айылдын четине үй салып баштаганбыз Жамила жаныма басып келип, далыма колун коюп:

– Эрнист, Кудай буюрса, күзүндө өз үйүбүзгө киребиз, – деди үнүндөгү сыймыктанууну жашыра албай.

– Өз үйүбүз...

Мен анын колунан кармадым. Баягы жаңы келин кезиндеги кара жумуштан

жарылган, кесилген колдору сакайып, назик, жумшак, апакай мугалимдин колуна айланыптыр. Ичимден ага ыраазы болдум. Кабагым-кашым дебей ушул өткөн жылдарда үйүбүздүн оту менен кирип күлү менен чыгып келиндик кызмат кылды. Ата-энемди өз ата-энесинен кем көрбөгөн, ыйбаа, сылык келин болду. Кээде болбогон нерселер үчүн тартышып, таарынышып кетчүбүз. «Казан-аяк кагышат» дегендей. Бирок андай учурларда биз бири-бирибизди дароо кечиришип, элдешип дагы да жакын болуп кетчүбүз. Ар дайым бири-бирибизди түшүнүп, колдоп сыйлап турганга аракет кылдык. Ичимден ушуларды ойлоп:

– Сага ыракмат, Жамила – дедим. – Сен бул үйдүн гана эмес, биздин тагдырыбыздын пайдубалын түптөдүң. Сенин чыдамкайлыгың, сенин колдооң болбосо бул дубалдар мынчалык бийик көтөрүлбөйт эле.

– Мунун баары биздин биргелешкен кыялыбыз, Эрнист, – Жамила жылма-

йып, башын көкүрөгүмө жөлөдү. – Ата-энебиздин алдындагы милдетибизди аткарып, батасын алдык. Мына эми балдарыбыз үчүн өз уябыздын камын көрүп атабыз.

Буюрса, кызыл кирпичтен салынган, терезелери чоң-чоң, жарык үйүбүз да даяр болот. Өзүбүзчө түтүн булатып, коломтобузга от жагып кубанычыбыз койнубузга батпай, эми элден бата алып коёлу деп, бир күнү той камын көрөбүз. Тоюбузга айыл эли, ата-энебиз, тууган-туушканыбыз келет. Бир кезде биздин баш кошуп бирге турмуш курууубузга каршы болгон туугандарыбыз босогодон аттап жатып, колуңду бекем кысып, ыраазы болушат. «Балам, ыракмат сага, мыкты күйөө бала болдуң, ал эми Жамила биздин тукумдун эң акылман кызы экенин дагы бир ирет көрсөттү. Бизди кечиримдүүлүккө силер үйрөттүңөр! Силердин ушул бактыңар – биздин өтмүштөгү каталарыбыздын эң чоң кечирими», – деп ыраазы болу-

шат. Жакшы каалоо-тилектер айтылып, бата берилип коноктор тарайт.

Жамила кыткылыктай күлүп кыялдана божурап атты. Мен да ичимден «ушул кыялдарыбыз орундалса экен» – деп ойлоп турдум.

Аңгыча тоо башынан кылайып чыккан Айды тиктеп ойго батып кетти Жамила.

– «Көрүнгөн тоонун ыраагы жок», ал күндөргө да жетебиз Жамила – дедим анын назик колун колума алып.

Айдын жарыгында айыл мемиреп уктап жатты. Жашоонун бороон-чапкындары, шаар менен айылдын ортосундагы узак жолдор, окуубузду улантуудагы түмөн түйшүктөр артта калып, биз тандаган жолдун тууралыгына дагы бир жолу ынандым. Жамиланы кучагыма бекем кысып, шыбырадым:

– Сенин жаныңда мен өзүмдү дүйнөдөгү эң бактылуу адам сезем. Анан ал үйдө балдарыбыздын күлкүсү, кубанычтын үнү жаңырат, Кудай буюрса, – дедим.

Жамила башын көтөрүп, мага тигилди. Анын көздөрүндөгү ошол, баягы алгачкы сүйүүнүн оту өчпөстөн, тескерисинче, энеликтин, акылмандыктын тереңдиги менен ого бетер тутанып күйүп жаткан эле. Ал унчуккан жок, унчукпаса да анын жылуу кучагы бардык сөздөн артык болчу...

* * *

Билбейм балким адамга өзүнүн көзү тиеттир. Балким, бул жашоодо катуу кубанбаш керекпи?

«Эки адам бирин-бири өмүр бою өзгөрбөй, башкага алмаштырбай сүйө албайт. Андай жубайлар болбойт. Эгер болсо ал сүйүүнү жер көтөрө албайт», – деген кеп укkан элем... Балким ошол чындыр. Тагдырдын эң катаал сыноосу ушундай бейпил күндөрдүн биринде каалгабызды какты...

Акыркы күндөрү Жамиланын өңү кубарып, тамакка табити тартпай, тез-тез эле алсырап, аябай арыктап да кеткен. Бирок муну ал: «Үйдүн тиргилиги,

мектептеги сабактар, балдардын түйшүгү» – деп жоруп койду. Акыры райондук ооруканага барып текшерүүдөн өттү. Ал жерден доктурлар дары жазып берип, кыйла жакшы болуп калган.

Бир күнү кечинде адатындай кечки тамактын камын көрүп күйпөлөктөп ашканада кара казандын жанында турган Жамила жакшына туруп эле жерге кулап түштү.

– Жамила! – деп бакырып, чуркап барып ордунан тургузганга аракет кылдым. Эс-учун жоготуп барып бир аздан кийин өзүнө келди. «Мен сени жакшылап дарылантпасам болбойт» – деп, дароо Ошко ооруканага алып жөнөдүм. Ал машиненин арткы орунтугунда онтоп, оору менен алышып, мен биринен сала бири келген жаман ойлор менен алышып жолдо бараттык. Же жол арбысачы...

Оштогу дарыгерлер Жамиланы текшерип, анализдеринин негизинде жоон ичегиде шишик бар деп табышты. «Убакытты созбой, Жамиланы тез

арада борборго, Бишкекке алып барышыңыз керек», – деп башкы дарыгер жалтактап, көзүн менден ала качты. Ошол эле күнү учакка билет алып, Бишкекке сапар алдык. Эртеси Бишкектеги Улуттук онкология борборунун муздак, узун коридорунда, врачка көрүнүш үчүн кезекте турдук. Жамила баардык текшерүүдөн өттү, анализдеribизди көрсөттүк, врач биз менен узак сүйлөштү. Анан врач Жамилага карап:

– Коркунучтуу эч нерсе жок. Камтама болбоңуз, дарылансаңыз баары жакшы болот. Эми сыртка чыга туруңуз, мен жолдошуңуз менен бир нерсени кеңешип алайын, – деди.

Жамила мага жал-жал карап сыртка чыгып баратты. Ал эмес эле мен ооруп калгансып, мени доктурлардын колуна таштап бараткансып көздөрү жалооруду. Ал чыгып кеткенден кийин тамагын жасап алып врач сөз баштады:

– Эрнист мырза, абалды ачык айтканым туура го... – Профессор көз айнегин алып, терең дем алып сөзүн улады:

– Аябай эле кечигип келипсиздер. Жоон ичегидеги шишик үчүнчү стадия экен, тезинен операция кылуу керек, операциядан кийин химия беребиз...

Кулагым дүңгүрөп врачтын калган сөздөрүн уккан жокмун.. «Чың-чың-чың!» кулагым тунуп, өзүмдү жоготуп бараткандай болдум. «Чың-чың-чың!» Бул үндү мурда уккансып кеттим, каерден уктум эле? Баягы мектеп короосундагы акыркы коңгуроонун үнүндөй туюлду. Жөөлүп да бараттымбы, айтор көзүм караңгылап кетти.

«Өзүңүздү кармаңыз, бул кейпиңизди көрсө, келинчегиңиз эмне болот?!» – деп врач мени урушуп атыптыр. Бул жолу жашоонун башталышын эмес, жамандыкты кабарлаган, коңгуроонун үнү кулагымда жаңырып турду...

Мен врачтын кабинетинен чыкканда, Жамила жүзүмдөн баарын окуп койгондой болду. Жети жыл бир партада, андан кийин бир жаздыкка баш койгон жарым мени жаттап болбодубу.

Ошентсе да сыр бербей: «Дарылануу качантан баштайлы?» – дейт. «Врачтарың деле кызык болот экен эй, ушул да суроо, бүгүнтөн баштайлы дедим!» – деп кара күчкө бакылдаган болдум. Көзүмдөгү туңгуюкту көрүп, баарын түшүндүбү, ал менин сөзүмө маани да берген жок. Ыйлап калбаса экен деп ичим сыйрылып бараттым. «Эртерээк операцияга бергиле», – деген врачтын үнү кулагыма жаңыра берди. Бул үн мага эле эмес Жамиланын да кулагына жаңырып аткансып, баарын уккансып алдыда кетип бараткан Жамиланы кучактап чачынан жыттадым.

– Эрнист? – Жамиланын үнү шыбырап чыкты.

Муунум бошоп кетти. Кайраттуу болгонго, ага да кайрат бергенге тырыштым. Бирок өңгүрөп ыйлагым келген абалда элем. Эрдимди кесе тиштеп, Жамиланын алдына тизе бүгүп, анын колдорун жүзүмө бастым. Чыдай албайт элем. Көкүрөгүм өрттөнүп барат-

ты. Түш болуп калса экен, эң жаман түш болуп калса экен деп тиленип көзүмдү жумдум. Көзүмдөн аккан ысык жаш анын үшүй түшкөн назик колдоруна тамып жатты.

– Жок, Жамила! Мен жолун табам, дүйнөдөгү эң кымбат клиникаларды, эң мыкты дарыгерлерди табам, сени дарылатам.

Биз бул дартты жеңебиз, угуп жатасыңбы? Биз бир кушпуз дебедик беле... Сенсиз мен уча албайм... Куш бир канаты менен учмак беле?

Жамила чачтарыман акырын сылады. Ал мага караганда алда канча кайраттуу экен. Ар дайым акыл калчап көнгөн жаны ошондо да мени кайраттуулукка чакырып турду. «Жеңебиз ооруну, кантесиң эми жаш баладай болуп, сөзсүз жеңебиз!» – деди. Анын көзүндө коркунуч жок эле, ый да жок эле, болгону үмүт бар болчу. Менин ичим ого бетер өрттөнө берди...

* * *

Операциялык бөлмөнүн үстүндөгү кызыл жарык күйгөндө, жүрөгүм кабынан чыгып кетчүдөй болуп турду. Доктурлар: «Тезинен операция кылалы, колдон келгендин баарын жасайлы, бирок операция оор болот, төрт-беш саатка созулат», – деп эскертиштен.

Арадан жети-сегиз саат өткөндөн кийин эшик ачылып, операцияга кирген доктурлар чыга баштады. Операциянын жыйынтыгын күтүп турган Жамиланын апасы жана туугандар – бардыгыбыз чурулдай түштүк. Башкы доктурдун көзүнөн чарчоо менен бирге үмүт оту жылт эткенсип көрүндү. Анын оозун карап жалдырадык баарыбыз: «Операция ийгиликтүү өттү. Эми калганы Кудайдын колунда... Мындан ары химиотерапия алып дарыланат, буюрса жакшы болуп кетет», – деди. Жакшы кабар айтпаса да, анын сөзүнөн жаман кабардын илеби келген жок. Ошого да шүгүр дедим...

Жамила бир күн реанимацияда жатып, эртеси күнү палатага которулду. Узакка созулган оор операциядан кийин адамдын абалы кандай болору белгилүү да... Өңү керсары тартып, алсыз жатыптыр. Үн-сөзсүз басып барып аны жаткан жеринен кучактап, башымды керебеттин кырына жөлөдүм.

– Өйдө бол, Эрнист... – деди ал мага алсыз үнү менен. Акырын, алсыз чыккан үнүнөн жашоого болгон сүйүүсү, балдарыбызга кайткысы келген улуу умтулуу бар экени байкалды. – Баары артта калды. Сен мага тирек болдуң. Жакшы болорум менен үйгө кайталы, балдар бизди күтүп калды го, – деп жылмайганы аракет кылды.

Бирок ал ойлогондой дароо эле жакшы болуп, дароо эле тоо койнундагы айылыбызга, балдарыбызга кайта алган жокпуз. Кайненем экөөбүз аламсалмак ооруканага каттап, Жамиланын жанында болдук.

Жамила операциядан кийин эки жумадай ооруканада жатты. Бир аз

жакшы болуп, өз алдынча кыймылдап калганда, шаардан убактылуу жашай турган турак-жай таап, Жамиланы ошол үйгө чыгарып келдим. Кайненем Жамиланын жанынан карыш жылбай бизге каралашып атты. Апасынын титиреген колдору менен кызына ысык шорпо ууртатып, түн ичинде баласынын ар бир дем алышын тыңшап, башында дуба окуп отурганын көргөндө жүрөгүм тилинет. Ал Жамиланын алсыз жүзүн карап, көз жашын бизге билгизбей ааарчып: «Кагылайын кулунум, менин өмүрүмдү сага бердим, сен айыгып кетчи!» – деп ичинен Кудайдан отурса-турса тиленип жүрдү. Жамила бир аз күч-кубат топтоп, жакшы боло баштагансыды. Батирибиз төртүнчү кабатта эле. Жамила «жөө чыгам» деп лифтке түшпөй, төртүнчү кабатка түшүп-чыгып алаксып жүрдү. Аны көрүп кайненем экөөбүз тең аябай сүйүндүк. «Жакшы болуп калыптыр, буюрса сакайып кетет экен», – деп үмүттөндүк.

Эки күндүн биринде ооруканага каттайбыз. Ызы-чуу түшкөн, бири-бири менен иши жок, баары кайдадыр шашып, чуркап калайман түшүп жашаган калаанын жашоосуна биз да көнүп бараттык. Кээ бир күндөрү Жамиланы дарыгерге көрсөтүп, андан чыгып экөөбүз шаар кыдырып жүрдүк. Борбор калаабыздын музейлерине, театрларына кирдик. Сейил бактарында жетелешип сейилдедик. Ошол ирмемдерде бул өмүр дагы да баалуу, кымбат, кайталангыс көрүндү. «Өмүрдүн баркын сезиш үчүн сөзсүз Жамила ооруп калыш керек беле?» – деп ичим ачышты. Ошентсе да көп-көп сүрөткө түшүп, ар күнү жаңы бир жерге барып, Жамиланын көңүлүн көтөргөнгө аракет кылып жүрдүм.

Ушул күндөргө алаксып, ооруну унута баштадык. Бирок оору бизди унутмак беле? Химия алчу учур жакындап келатты. Химия аларына бир-эки күн калганда, Жамила капысынан катуу ооруп калды. Дароо ооруканага алып бардык. Бирок дарыгерлер эмнеден

улам абалы начарлап кеткенин билбей дендароо болушту. Жамила тамак жей албай, тамак жесе эле кусуп жатты. Ошентип ооруканада төрт-беш күн жатып калдык. Дарыгерлер: «Күтөлү, жакшы болуп калат», – дегенден башканы айта албай, кол куушуруп отуруп бериштн. Алардын кайдыгерлигин көрүп, өзүм да аракет кыла баштадым. Маалымат булактарын карап, китептерди, онкология боюнча адабияттарды толугу менен окуп чыктым. Ооруканада дарыланып жаткандардан сураштырдым, сүрүштүрдүм. Ичегилери бири-бирине жабышып калышы мүмкүн деген жыйынтык чыкты ортого. Жамиланы кайрадан операцияга даярдай башташты.

Бул жолу да ооруканада өзүм карап, жанында болдум. Күн өткөн сайын оорунун азабы жанын жеп аткансыды. Түн ичинде тиштенип, алсыз кыңкыстаганы, оор, үзүк-үзүк дем алганы кулагыма келгенде, жанымды коёрго жер таппай, коридорго чуркап чыгып, дубалдарды ургулап жиберем. «Жака-

сы бөлөктүн жаны бөлөк» – деген ушул экен да. Оорусун тең бөлүшө албагандан, колуңдан эч нерсе келбегенден өткөн азап жок тура. Өмүрүмдө колума чылым кармабаган жан элем, акыркы күндөрү ушул уулуу түтүн ичимдеги өрттү басаңдатабы деп, кайгымды унутуш үчүн бат-баттан чылым чеге баштадым. Эч нерсе жеңилдеген жок. Күн өткөн сайын абалыбыз оорлой берди. Коюу түндө оору менен күрөшүп аткан жан биргеме жардам бере албай канча уйкусуз түндөрдү өткөрдүм...

«Эмнеге ал? Эмнеге мен эмес? Мен бул ооруга, бул азапка туруштук бермекмин, чыдамакмын, эркекмин го. Ал назик, ал болгону бир гүл, ал балдарына керек», – деп көп ойлоном.

Бирок ушунчалык Кудайдын алдында, оорунун алдында алсыз экенмин, анын оорусун өзүмө сурап ала албадым. «Сүйөм, сүйөм, сен үчүн керек болсо жанымды берем», – деп Жамилага берген убадаларымды эстедим. Бирок иш

жүзүнө келгенде жанымды бере албай отуруп калдым. Көрсө, адам баласынын сүйүүсү оорунун алдында алсыз тура...

Операция болордон бир күн мурун өтө катуу кыйналды. Мен жанында карап отургам. Баргандан бери оозуна наар албай онтоп жаткан. Көзүм илинип кеткен экен, капысынан менин колумду бирөө мыжыга кармады. Чочуп кеттим. Жамила экен. Эрдин кесе тиштеп: «Мага укол сайдырып эле өлтүртүп койчу, сураныч, өлтүрүп эле койгулачы! – деди жалдырап. – Кыйналып кеттим, чыдай албай жатам!» – деп ыйлап, бакыра баштады. Эмне кылар айламды таппай алдастадым. «Чыда, жакшы болуп кетесиң, таң атсын», – деп жубатып, жанында отурдум. Ошол таңдын атышы мен үчүн кылымга тете болду...

Жамиламдын оорусун колумдан келсе тикенек алгандай сууруп алып, өз денеме салбайт белем! Айласыздык адамды жинди кылат экен. Анын жаны кыйналып, күн-түн онтоп чыкканын укканда мээме караңгы, суук ойлор

келе баштады: Жамила суранган Европадагы айыкпас дартка чалдыккандардын жанын кыйнабай, атайын укол менен өлүмгө узаткан ыкманы эстедим. Көз алдымда тирүүлөй куурап, шамдай өчүп бараткан жарымдын кыйноосун токтотуу үчүн ушул кадамга барсамбы деген ойдон денем муздап турду.

«Мен аны ушунчалык сүйөмбү же ушунчалык коркокмунбу? Менин сүйүүм анын кыйналганын көрүп турууга чыдабай жатабы же мен өзүмдүн алсыздыгымдан качып, аны өлүмгө түрткүм келип жатабы? Эвтаназия... Бул адамды кыйноодон куткаруубу же кылмышпы? Эгер аны өз колум менен ушул азаптан бошотсом, калган өмүрүмдө бул азап менен кантип жашайм? Бирок анын ар бир мүнөтү – тозокко айланып баратпайбы...»

* * *

Адатымдай операциянын бүтүшүн күтүп, оорукананын муздак дубалдарына жөлөнүп коридордо отургам. Врач-

тар операциядан чыкканда ордуман туруп аларды утурладым:

– Кандай болду, жакшыбы баары? – деп жакшы эмес экенин врачтын кебетесинен көрүп туруп деле өзүмдү алдап ушинтип сурадым.

– Жакшы эле, бирок сүйлөшө турган сөз бар, кабинетке кириңиз – деди, баш дарыгер жол баштап.

Жамиланын оорусу төртүнчү стадияга өтүп кеткенин, бардык ички органдарына жайыла баштаганын, жада калса боорунда да бар экенин айтышты.

– Эми эмне кылабыз? – дедим мукурап.

– Азыр химия берсек көтөрө албайт. Кичине өзүнө келгенден кийин химия берип көрсө болот. Колдон келгенин кылабыз, баары Кудайдан, – деди врач менден бетер мукурап.

Врач айткандай Жамила бир аз өзүнө келип калганда, химиотерапиясын баштоого туура келди. Биринчи химиясын алганда абдан кыйналды. Химия үч күнгө созулду.

«Экинчи химияга чейин үйүңөргө бара берсеңер болот», – деген врачтар. Биз жолдун алыстыгынан дароо айылга кете албай, алгач шаардагы батирибизге чыктык. Эртеси Жамила көзүн ачып эле:

– Мага эмне болду? Мен кайдамын? – деп сурады.

Мен аны тамашалап жатат го деп ойлодум, алгач. Көрсө, эс-тутумун жоготуп коюптур. Химия ушундай таасир берерин кайдан билейин. Сүйлөшүп отурсам, чындап эле эч нерсени эстей албай кыйналып атты.

– Операция кылыштыбы? Качан сакаям? – деп сурады. Демейде көзүн ачары менен, өзүнө келип-келбей туруп балдарын сурачу эле. Бул жолу балдары тууралуу ооз ачпады. Жүрөгүм шуу дей түштү. Бирок мени, апасын, анан ага укол-дарысын берип жүргөн бир тууган жеңесин жаземдебей тааныды. Операция болгонун, баары жакшы өткөнүн, анын ден соолугун Кудайдан тилеп отурган жакындары көп экенин айтып

жанында отурдум. «Эртерээк турушуң керек, балдарың да күтүп калды» деп, ага акырындап балдарын эстеттим. Алгач кичине уулун, анан чоң уулун эстеди. Бышактап ыйлады.

– Башка балдарың жокпу? – деп тамашаладым аны, алаксысын деп.

– Жок, эки эле балам бар, Элдар, Элхан, – деп жылмайды.

– Сенин бир кызың бар эле, кызыңды эстейсиңби? – десем, бир топ ойлонуп туруп:

– Ии, Салиха! Алтыным кызым, жаным кызым! – деп жалбарып жиберди кызына. Анан: «Кызым мени эстебей калды деп укса капа болот го, атасы, ага айтпайлы, ээ?» – деп суранып, кайра ыйлап калды...

* * *

Жамила бир аз жакшы болуп калганда экинчи химияга чейин балдарды бир көрүп келели деп айылга жөнөдүк. Апасынын кайтып келгенин көргөн балдарымдын кубанычын сөз менен айтып

жеткире албайм. Биз жокто ким эмне кылганын, кантип ойногонун, түндө жатарда баары тегиз: «Апам айыгып, үйгө тезирээк кайтып келсин!» – деп тиленишкенин божурап отурушту. Ал тургай апасы жокто кимиси кандай сүрөттөрдү тартканын мактанып, көтөрүп келип көрсөтүп киришти. Кызымдын да чоң уулумдун да көпчүлүк сүрөттөрү керебетте жаткан аял, анын жанында отурган эркек киши, апасын күткөн үч бала, жолду карап отурган кыз ушуга окшош сүрөттөр экен. Аларды баракта отуруп көзүмө жаш алдым. Өзгөчө бир сүрөт жүрөгүмдү тилип кетти. Керебетте жаткан аял, ага гүл сунуп турган кичинекей баланын сүрөтү тартылыптыр. Биз ал сүрөткө түшүнбөй кала тургансып чоң уулум: «Бул Элхан да» деди баланын сүрөтүн сөөмөйү менен көрсөтүп. «Оо, Кудай балдарымды апасынан, апасын балдарынан ажырата көрбө!» – деп Жаратканга жалбардым ичимден. Кызым менен улуу уулум апасын кучактап, бетинен өөп, мойнуна

оролуп жатышты. Бир жарым жашар Элхан апасын үч ай көрбөй тааныбай, чоң апасын апа деп калыптыр. Жамилага жакындабай, бөтөн кишидей качты алгач. Бирок эки күндөн кийин балам кайра көнүп, апалап Жамиланы ээрчип, кучактап калды. Айылда балдарды карап калган апам ошондо мага мындай деди:

– Баланын апасына куса болгонун биринчи көрүшүм, аябай жаман экен, Кудай көргүлүк кылбасын, ылайым. Силер кеткенден кийин, апасын издеп, аябай кыйналды. Жамила айылда жүргөндө даарatканага бат-бат барчу эмес беле. Апам даарatканадан чыгат деп ойлочу окшойт, эшиктин алдында күнү кечке күтүп отура берчү адат тапты. Кечинде да тура калып, сыртка чуркап чыгып апасын издечү...

Муну укканда Жамила ого бетер Элханды кучагына бекем кысып ыйлады.

– Элханды кучактасам гана бүт оорум унутула түшүп атат, ишенесиңби, Эрнист? – деди.

– Ишенем, – дедим айлам куруп.

Кантип ишенбейм? Тили жаңыдан чыгып, бизди ар күнү ар кылыгы менен кубандырып турган таттуу кези эле да балабыздын.

Үйдүн ичи акырындап кайрадан шаңдуу күлкүгө, жарык маанайга толо баштады. Мен Жамиланы көзүмдүн карегиндей аяп, бир кадам да жанынан чыкпай, өзүм карадым. Жубайымдын жүзүнө кайрадан кан жүгүрүп, өзүн жакшы сезе баштаганы мага канат байлагандай болду. Өзгөчө, Жамила Элханды кучагына алганда, дүйнөдөгү бүтүндөй оору-сыркоо унутулуп калгандай, деги эле эч жери оорубаган кадимки калыбындай жаркылдап кетет. Колунун алсыздыгына карабай, балдарына тамак жегизип, үстү-башын түзөп, кызынын чачын өрүп жүрдү. Унчукпадым. Себеби ал энелик мээрими менен балдарга кам көрүп эле тим болбой, өзүнүн жашоосуна да жан киргизип жаткандай болду...

Мен эне менен балдардын ортосундагы ыйык, ысык мамилени карап оту-

руп, жашообуздагы эң оор сыноо артта калат, биз баарын жеңебиз деп бекем ишеним арттым. Жамиланын туулган күнү да ушул учурга туш болуп калды, Кудай жалгап. Баарыбыз анын туулган күнүн белгиледик. Айылда он күндөй туруп, экинчи химия алуу үчүн кайрадан Бишкекке жол тарттык...

* * *

«Мейли оорусун, мейли майып болсун, тек гана маңдайымда дем алып, аман болсо экен!» – деп ичимден Кудайга жалынып, суранып келдим жолгата. Ойлорум менен алпурушуп атып Бишкекке кирип келдик. Жамила экинчи химия алуу үчүн кайрадан ооруканага жатты. Химияга чейин төрт-беш күн даярдап, андан кийин катары менен үч күн химия беришти. Бул жолу ал катуу кыйналды. Ары барып бери келгенин жанынан карыш жылбаган мен билдим, өмүр менен өлүмдүн ортосунда тынымсыз күрөшкөн өзү билди...

Кайын атам да биз менен бирге келген эле бул жолу. Анын жүзүндөгү аргасыздык менин жарамды андан бетер тырмады. Үмүттүн акыркы шооласын издеп, элдик дарыгерлерди сураштырып кирди.

«Эң мыкты табып бар экен, бирок ага кезекке туруу, көрүнүү өтө кыйын экен» деп, күнү-түнү чуркап жүрүп, акыры бир жумадан кийинки кабыл алуусуна жазылып келди.

Бир жума...

Бир жума биз үчүн бир кылымга тең эле... Бирок бардык аракетибизден бир майнап чыкпады. Күз мезгилинин муздак, сур булут каптап турган кечтеринин биринде Жамилам мени кашына чакырды. Анын бир кызылы калбай кубарып турган жүзүнө тик карай албай айлам кетти. Дем алуусу күндөн күнгө оорлоп, дем алган ар бир аба үчүн, өмүрдүн ар бир ирмеми үчүн күрөшүп жаткан учуру болчу:

– Эрнист... – деди ал, терезеге тигилип. Сыртта сабагынын үзүлүп, өмүрү

бүтүп саргайган жалбыректар каалгып учуп, жерге түшүп аткан. Анын үнү шыбырап болор-болбос угулду.

– Баягы, мектепте окуп жүргөндө жазган дилбаяның эсиңдеби? «Биз бир кушпуз, бир канатыбыз гүлдөн, бир канатыбыз болоттон», – дединг эле го... Менин гүл канатым сынып, соолуп баратат, Эрнист. Бирок сен... сен менин болот канатымсың. Сен балдарыбыз үчүн, биздин сүйүүбүз үчүн курч, күчтүү болушуң керек. Оору мени жеңсе да, сени, биздин рухту, сүйүүнү жеңе албайт... Ушуну унутпа! – деди сай-сөөгүмдү сыздатып. Кайын атам экөөбүз тең Жамиланын жанынан жылбай айланчыктап карап аттык. Бирок, колуңдан эч нерсе келбеген соң күйгөнүң курусун. Биз эмес доктурлардын да айласы кетти, шуу үшкүрүп баары бир ооздон: «Биз эч нерсе кыла албайбыз, колдон келгенин кылдык», – деп туруп беришти.

Күз шамалы терезени уруп жаткан октябрдын жыйырма сегизинчи түнү Жамила шыпты тиктеп уктабай ойгоо

жатты. Балким ал ооруганы такыр уктай электир. Көздөрү чанагына чыгып арыктап, жаак эттери шимирилип калган жарымды карап туруп: «Ушунун баары түш болуп калса эмне, түш болуп калса эмне», – деп күйүп аттым. Бирок ушунун баары өң экенин, жашоо экенин эстеткенсип: «Бүгүн жарыктарды өчүрбөй эле койчу», – деп суранды Жамила, шыбырап чыккан алсыз үн менен. Түн ортосунда мага бир башкача тигилди, жүзүндө коркунучтун көлөкөсү да жок экен. Тескерисинче, бардык азаптан кутулган бейпил жана жеңилдеген жылмаюу турду. Жүрөгүм шуу дей түштү... Ал түнү экөөбүз тең кирпик какпай таң атырдык. Таңга жуук, Жамиламдын дем алуусу өзгөрүп, басаңдай баштады. Дарыгерлер келип чуру-чуу түшүп, медайымдар ары-бери чуркап калды. Бирок колунан келбеген иш үчүн чуркап аткансып баарынын, баарыбыздын жүзүбүздө түңүлүү турду. Арадан он мүнөттөй өтүп өтпөй таңкы саат алтыдан он мүнөт өткөндө Жамила кайнатам

экөөбүздүн көз алдыбызда түбөлүккө көз жумду.

Менин жүрөгүм эмнеге дагы эле согуп жатат?! Токто, менин да жүрөгүм токтосун! Жамила, мени жалгыз таштаба... Мен кантип балдардын бетин карайм? Эртең алар: «Апам кана?», «Апамды сагындык», – дешсе мен аларга кандай жооп айтам. Менин болот канатым жалгыз калды, гүл канатсыз кантип учам?..» – деп Жамиламдын муздап, жансыз болуп бараткан колдорун эриндериме жакындатып, ыйлап аттым...

* * *

Алды жакта учу-кыйры билинбей узун жол жатты. Ушул жолдон он күн мурун эле «Эми жакшы болуп кетем» деп жадырап сүйлөп, катарымда Жамила отуруп өтпөдүк беле? Мына эми анын жансыз денеси машинеңин артында жатат чубалып. Жанымда кайнатам менден бетер мукурап, менден бетер өксүп ыйлап баратат. Бир чети ушул жол эртерээк бүтсө экен деп тилейм, бир

чети жол такыр бүтпөсө экен дейм. Жол бүтсө эле, айылга жетсек эле Жамила менен биротоло коштошуп, биротоло андан ажырап каларымды түшүнүп, бирок түшүнгүм келбей турду... Күзгүдөн улам арткы орунтукту карап ичимден: «Сен мага ишенип кеттиң. Сенин акыркы жылмаюуң – бул мага болгон ишеничиң. Сен кеткен жоксуң, Жамила! Сен менин жүрөгүмдөсүң! Мен ушул жалгыз болот канат менен балдарыбызды асманга, эң бийикке учурам! Сенин ордуңа да жашайм, сенин ордуңа да дем алам... Аларга апа ордуна апа болом, убада берем!..» – деп ага тынбай убада берип да аттым. «Кантип анын өлүмүнө мынчалык тез ишендим? Кантип ушул орду толгус жоготуу менен заматта келишип алдым? Ушул тагдырга кантип көндүм? Кантип ыйлап атам? Ыйым да убадам да даяр беле?» – деп өзүмдү бир чети жемелеп, бир чети аргасыз ар нерсени ойлонуп бараттым жолдо...

* * *

Адам көнөт экен, ооруга, жамандыкка, жоготууга. Ошондогу оорчулукка биз да көндүк, аргасыз. Мен Жамилага берген убадамды аткарыш үчүн тирүү өлүктөй болсом да, бутумда тик турууга тырыштым. Дүйнөдө ажалдын, өлүмдүн бар экенине акылы жеткен адам тагдырга баш ийип жашайт экен. Бирок али жоготуу деген эмне экенин билбеген, өлүмгө түшүнө элек балдарга апасынын эми кайрылып келбесин түшүндүрүүдөн өткөн азап жок тура. Үйдүн ичиндеги эң чоң тозок – уулум Элхандын апасын издегени болду. Ал жоготуу деген эмне экенин билбесе да, апасынын өлүмүн түшүнө элек болсо да, бирок анын жытын, мээримин жоготконун бүткүл денеси менен туюп жатты.

Кээ бир түндөрү Элхан уйкусунан чочуп туруп, бөлмөлөрдү кезип, ар бир бурчту тинтип, апасын издей баштайт. «Апа... апа...» деп тили келип-келбей шыбырап, караңгыда Жамиланы издейт. Балким апам сыртта жүрөт деп ой-

лойттур эшиктин ачык турганын көрсө болду, сыртка чуркап качып чыгат. Кокус үйдө бир бөлмөнүн каалгасы жабык калса биз апасын камап койгонсуп ыйлап атып ачтырат. Анан аңгыраган бош бөлмөнү көрүп улутунуп, жаныңды кейитет. Көчөнү карап, ар бир өткөн аялды апасына окшотуп телмирген көздөрү менен тигилип менин ичимди өрттөйт.

«Кайда баратасың, кулунум? Апаң бул көчөлөрдө жок... Ал эми эч качан бул босогону аттап кирбейт. Мен сага анын ордун кантип басам? Кантип?..» – деп өзүмчө күбүрөйм.

Апасынын кучагын, анын жылуу төшөгүн таппай калган соң, Элханым катуу, муздак полго эле жата калып, бүгүлүп уктап калчу адат тапты. Жылаңайлак, муздак жерде тоголонуп жаткан баламды көргөндө, жүрөгүмдүн калган бөлүгү да сынып, чачырап кетчүдөй болот. Аны жерден көтөрүп алып, боорума кысканда, өпкө-өпкөмө батпай ичиме толгон ыза, көз жаш болуп сыртка атылып чыгат.

Баламды кучактап, караңгы бөлмөдө үнсүз солкулдап ыйлап жатып, Жамиламдын мага калтырган акыркы сөзүн эстейм: «Сен менин болот канатымсың...» Мен Элханды кучагыма бекем кысып, кулагына шыбырайм:

– Апаң жок, бирок мен бармын, балам... Сенин апаң менин жүрөгүмдө, ал бизди ар дайым көрүп турат, ал ар дайым биз менен! – деп уулумду сооротом.

Ага кошуп өзүмдү да сооротуп, өзүмдү да алдап, биздин турмушубузга Жамилам жакын эле жерден көз салып тургансып жашап аттым. Акыл-эсине кирип калган кызым, баарын көрүп түшүнүп бирок апасына болгон сагыныч менен жашап атты. Үч жерде томсоргон үч баламды көрүп мен канаттарым сынып турса да, кичинекей чымчыктарымды чоңойтуш үчүн кайрадан асманга көтөрүлүүнү милдетим деп билдим. Болот канат ушул үчүн керек экенин түшүндүм.

Түн бир оокумда Элханым чочуп ойгонуп, көөдөй караңгыны жарып: «Апа...

апаке...» деп чыркырап ыйлаганда, кабыргам сөгүлүп, жүрөгүмдөн кан агат. Аны колума алып, боорума кысам. Көз жашым томолонуп анын жүзүнө тамат. Ал апасын издейт, мен апанын ордун баса турган айла издейм. Бирок апанын орду басылабы? Бул дүйнөдө кайсы мээрим, кайсы жыргал апанын мээримине, апанын сүйүүсүнө тең келсин? Уулумду сооротуп бөлмөнүн ичинде ары-бери басып жүрүп Жамила ырдап жүрчү бешик ырын эстейм. Көкүрөгүмдөн ыр эмес, өксүк чыгат. Үнүм титиреп ырдап отуруп уулумду уктатам. Аны бүгүн сооротконума кубанам, аны бүгүн уктатканыма кубанам. А эртеңчи, эмдиги жылычы?

Мен балдарымды бир өмүр сооротушум керек экенин түшүндүм.

Эрте менен эрте туруп, кызымдын чачын өрүүнү үйрөндүм. Менин одоно, эркек колдорум чачтын ар бир талын кармаган сайын, кызымдын муңайган, суроолуу көздөрүнөн Жамиланын ти-

рүү элесин көрөм. Балдарды кийинтип, мектепке даярдап, алдына тамак койгонумда, көз карашынан: «Апам кана? Апам болгондо баары башкача болмок да, ээ?» – деген үнсүз суроону окуйм. Ошондо көзүмдү ала качып, алар унчукпаса да айта жүрүшүм керек деп ойлогон сөздөрдү божурап кирем.

– Апаңар бизди асмандан карап турат, ал биздин ар бир кадамыбызды көрүүдө, ал дайыма биз менен... Биз аны капа кылбай, жакшы окушубуз керек, билимдүү болушубуз керек, жакшы адам болушубуз керек! – деп өзүмдү да, аларды да сооротом.

– Ошондо келеби апам? – дейт Элдарым.

– Ошондо көрөт бизди, сүйүнөт, менин балдарым деп силер менен сыймыктанат! – деп кутулам. Бирок «сөзсүз келет» деген сөздү айта албай тилим буулат. Кеткен адамды кайтарып алуу балдарым ойлогончолук ушундай жеңил болсо гана дейм. Бул жашоо балдардын оюндай, балдардын максатындай,

балдардын тилегиндей жеңил, таза болсо гана, аттиң...

Жамилама берген акыркы убадамды аткаруу үчүн, ичимде өрттөнүп жаткан күйүттү сыртыма чыгарбоого, балдарымдын алдында алсыз көрүнбөөгө аракет кылам. Мен сынбашым керек деп тырышам. Мен ушул караңгылыктын сазынан балдарымды аман-эсен алып чыгып, бутуна тургузууга милдеттүүмүн. Кичинекей Элханды кучактап, балдарым менен бирге өткөн көз ирмемдерде гана жүрөгүмдү каптаган муз аз да болсо эрип, тамырыма жашоонун алсыз каны жүгүрө баштайт...

Мен үчүн балдарды сооротуу, балдардын жанында алсыз, жүдөө көрүнбөө канчалык оор болсо, жалгыз калгандагы өзүм менен болгон күрөш андан эки эсе оор болду. Жамила бардагы күлкү, жаркын маанайдын ордуна кулак тундурган, муздак жана касиетсиз бир жымжырттык орноду үйдө. Балдар уйкуга кеткенден кийинки жан чыдагыс жалгыздыктын, өткөн күндөр-

дүн оор эскерүүлөрүнүн жүгү коштойт түндөрүмдү. Үйдүн ар бир бурчунан, ар бир буюмдан Жамиланын колунун табын издеп боздойм. Ашканага баш бакканымда, казандын жанында ак жоолугун маңдайына кыйшайта байлап, мага жылмая тамак жасап жаткан Жамиланы көргөндөй болом. Жүрөгүм опкоолжуп, шашып барып кучактагым келет, бирок колум боштукту гана кучактап, көзүм караңгылайт. Чачынын жыпар жыты сиңген жаздыкты кучактап, кирпик какпай таң атырам.

Жамиланын кыркы чыкканча үйүбүздөн өкүрүк, кошок үзүлгөн жок. Баарынан да менин карыган чоң энемдин күйүтү, кабыргасын кайыштырган арманы өзгөчө оор болду. Ал Жамиланы жөн гана келин эмес, өзүнүн тогуз ай толготуп тапкан кызындай көрүп, анын жумшак мүнөзүнө, сыйчыл касиетине маашыр болуп, карылыгынын төрүндө кубанып жашачу.

Чоң энем басса-турса анын артында калган көйнөктөрүн бооруна кысып,

үнүн чыгарбай, ичинен шолоктоп ыйлайт.

– Оо, Жараткан! Бул кандай адилетсиздик? Бул карыган, куураган, соолгон сөөктү албай, эмнеге ошол жаш, гүлдөп турган жапжаш өмүрдү алдың? Үч бирдей баласы артында чыркырап кала берсин дединби? Жамиланы алганча, менин жанымды алсаң эмне болмок... Менин жашым жетти, менин көрөр күнүм, ичер суум түгөндү эле го... Ошол байкуш баламдын ордуна мени эле алып кетсең эмне болмок, оо, ажал?! – деп боздогон карынын үнү үйдүн муздак дубалдарын титиретип, угуп турган жандын сай-сөөгүн сыздатат.

Жамилам, менин жалгызым, сен чынында эле бул дүйнөгө таандык эмес, өзгөчө периште сымал жан элең го... Өтө мээримдүү, акылдуу, төгөрөгү төп келген, өзүң иштеген мектепте да, эл арасында да кадыр-баркы бийик мыкты мугалим элең го... Бүтүндөй айыл ичи экөөбүздүн бактыбызга, бири-бирибизге болгон аяр мамилебизге суктануу ме-

нен карашар эле. Кээде ушул элдин көзү, элдин сөзү деле биздин бактыбызды уурдап кеттиби деп ойлоп кетем. «Сук ташты да жарат» деген кеп бар эмеспи. Эми айла кеткендеги кеп да...

* * *

Терезенин алдында отуруп көзүмдү жумдум. Сырттагы жамгырдын бир калыптагы тыкылдаган добушу акырындап алыстап, мени кайрадан качанкы бир бактылуу, бейкам күндөргө алып жөнөдү. Кулагыма жамгырдын үнү эмес, Исфайрам дарыясынын күр-шар түшкөн тааныш шаркырагы угула баштады...

Кечки салкын шамал бетти аймап, жээктеги мажүрүм талдардын жашыл чачтарын термелтип жаткан. Дарыянын үстүндө Күндүн акыркы алтын шоолалары бийлеп, суунун бети миңдеген майда берметтердей жылтылдайт. Жамила жээктеги чоң, жылмакай ташты үстүндө малдаш токунуп отурган. Шамал анын узун чачтарын үлпүлдө-

түп, жүзүн жаап калды. Ал назик колдору менен аларды кулагынын артына шаша-буша кыстарып, агын сууга суктана карап калды.

Мен болсо жашыл чөптүн үстүндө чыканактай отуруп, дарыяны эмес, Жамиланы гана тиктеп турдум. Биз ар дайым ошондой элек. Жамила гүлгө суктанса мен ага суктанчумун, Жамила дүйнөгө суктанса мен ага суктанчумун. Себеби менин дүйнөм да, дарыям да, гүлүм да Жамила эле...

– Эрнист, карачы, бул суу эч качан чарчабайт окшойт, ээ? – деди Жамила күтүүсүздөн мага кылчайып. – Түнү-күнү ушунтип шашып агып жатканы – жаткан. Каякка барат өзү?

Анын ушул балалык, назик суроосуна ичимден элжирей, жанына жакын барып отурдум.

– Ал өз деңизин издеп баратат, Жамила. Чоң, чексиз деңизге жетмейинче токтобой, акканы – аккан. Билесиңби мен да кудум ушул дарыядаймын сендей өз деңизимди тапмайын, ага барып

баш кошмоюн буркан-шаркан түшкөнүм – түшкөн! – дедим тамаша-чыны аралаш.

Жамила мага карап, жүзүнөн нур төгүлө күлүп жиберди. Анын күлкүсү шар аккан дарыянын добушуна аралашып, айлананы ого бетер жандантып жибергендей болду.

– Анда биздин сүйүүбүз да ушул Исфайрамга окшош экен да? Ал дагы ушунчалык таза жана токтоосуз…

Жүрөгүм кабынан чыкчудай согуп турду. Анын назик, жылуу колун өз алаканыма алдым. Колунан жылуулук гана эмес, жашоонун бүтүндөй кубаты, жаштыктын деми сезилип турду.

– Ооба, дал өзү, Жамила… – дедим көздөрүнө тике карап. – Эч ким, эч кандай күч бул агымды токтото албайт. Биз дагы ушул суу менен бирге агып отуруп, өзүбүздүн деңизибизге – бактыбызга жетебиз.

Жамила да менин колумду бекемирээк кысты. Ал башын менин ийниме акырын койду. Анын чачтарынан чык-

кан жагымдуу жыт Исфайрамдын салкын илеби менен аралашып, бүткөн боюмду балкытып жатты.

– Мен ушул жерде, ушул бойдон убакыт токтоп калышын каалайм… – деп шыбырады ал.

Экөөбүз тең унчукпай калдык.

Биздин ордубузга Исфайрам өзү сүйлөп, биздин махабатыбызды кубаттап, алдыга карай шашып жаткандай үн салып жатты. Күн батып, айланага кечки бейпилдик орноду. Бул дүйнөдө экөөбүздөн башка эч ким жоктой, ушул бакыттын кучагында кала бердик…

…Терең үшкүрүнүп, көзүмдү ачтым. Бөлмөм караңгы. Жанымда эч ким жок, болгону терезени сабаган жамгырдын дабышы гана калыптыр. Бирок мен бош калган алаканымды карап, ошол күнү Жамиланын колун кармагандагы жылуулукту, анын демин дагы деле сезип жаткандай жүрөгүм жылып кетти. Бул өткөн күндөрдүн элеси мага оордук эмес, тескерисинче, азыркы жалгыздыгымда жаныма кубат берген, жашоом-

ду жарык кылган эң кымбат казынам экенин билдим.

* * *

Эртерээк эле кеч кирсе, түн болсо, түш көрсөм деп тиленчү болдум. Себеби Жамила менен түштөрүмдө жолукчу адат таптым. Күнү бою балдардын түйшүгү, көкүрөктү өйүгөн сагыныч менен алышып чарчап, түн киришин чыдамсыздык менен күтөм. Уйкунун сыйкырдуу ааламында гана мен Жамилама кайрадан жолуга алат элем.

Түшүмө ал дайыма баягы студент кезибиздегидей, үстүнө ак көйнөк кийген, жүзүнөн нур тамган, абдан сулуу бойдон кирет. Жаныма акырын басып келип, менин чарчаган колдорумду назик алаканы менен кармап, көздөрүмө чексиз мээрим төгө карайт.

– Эрнист, – деп шыбырайт ал, үнү кулагыма ушунчалык жагымдуу угулат. – Мен баарына ыраазымын. Сендей асыл адам менен бир партада отурганыма, сени менен бирге түтүн булатканыма,

балдарымдын атасы болгонуңа миң мертебе ыраазымын. Өкүнбө, жаным... Биздин махабатыбыз кыска болсо да, ал ушунчалык таза жана бийик болду. Сен мени бактылуу кылдың! – дейт.

Бул сөздөр менин жараланган жүрөгүмдөгү бүтүндөй азапты баскан дарыдай таасир этет. Түшүмдө Жамилам мага балдарым үчүн, ар бир кадамым үчүн ыраазычылыгын айтып, мени алдыга үндөйт. Мени кыйынчылыктарда жалгыз эмес экениме, ар дайым жанымда болоруна ишендирет.

Мындай түштөрдөн кийин эрте менен ойгонгондо өзүмдү кадимкидей жеңил сезип калам. Жамиланын «ыраазымын» деген сөзү кулагымда күнү бою жаңырып, мага кереметтүү күч бергенсийт. Ошол сөздөн кийин мен өзүмдү күнөөлөөнү токтоттум. «Мен аны сактай албадым», – деген азаптуу ойдун ордун «Кыска убакытка болсо да мен аны бактылуу кыла алдым», деген сыймыктуу сезим ээледи. Ар бир жолу түшүмдө анын ыраазы болгон жүзүн көргөн са-

йын, балдарыма дагы көбүрөөк мээрим төгүүгө, аларды Жамилам каалагандай инсан кылып тарбиялоого ичимден ант ичип жаттым.

Бир күнү Элханды уктатып жатып, бөлмөнүн ичинде Жамиланын жыты дагы деле бар экенин сездим. Терезени ачып, түнкү асманды карадым. Жылдыздардын арасынан мага Жамилам күлмүңдөп карап тургандай болду.

– Мен да сага ыраазымын, Жамилам, – деп шыбырадым. – Мага ушундай кереметтүү сүйүүнү жана үч чырактай баланы калтырып кеткениңе ыраазымын. Биздин бир канатыбыз сен болсоң, экинчиси – сен калтырган ушул туяктар.

Өлүм жөнүндө мурда-кийин ойлончу белем – билбейм. Бирок Жамиланын өлүмүнөн кийин өлүм мен үчүн коркунучтуу нерсе эмес, мен күткөн сапардай эле туюла баштады. Бул дүйнөдөгү милдетимди аткарып, балдарымды өз ордуна кондургандан кийин, тиги дүйнөдө мени күтүп турган, мага дагы

деле ыраазычылыгын айтып жылмайган Жамилам бар экенин түшүндүм. Бул ишеним менин жүрөгүмдө өлүмдүн эмес, өчпөс сүйүүнүн, адамдык бийик сапаттын жана жашоонун жеңиши катары түбөлүккө жашап калды.

* * *

Жаздын жылуу кечи... Үйдүн короосунда отурам. Күн чыгат, кеч кирет. Кар эрийт, жаз келет. Бак-даректар бүчүр байлап, гүлдөр ачылат. Карап турсам дүйнө баштагыдай, дүйнө эч өзгөрбөгөндөй. А бирок Жамила эске келгенде дүйнө баштагыдай эмес экенин, дүйнө өзгөргөнүн, өзүмдүн өзгөргөнүмдү баамдайм. Ал тургай короожайым да өзгөргөндөй. Айланама бир көз жүгүртүп алып: «Бул гүлдөр качан гүлдөп жетишти, бул бактар качан бой салып жетишти?» – деп таң калам. Бул гүлдөрдү, бул бактарды биз Жамиланы жоктогон көз жашыбыз менен кайгы-касыретибиз менен чоңойттук да.

Мына эми Жамилам өз колу менен тиккен, азыр болсо кулпуруп, айлана-

га жыпар жытын чачып жаткан роза бадалдарын карап отурам. Бир маалда уулум Элхан жаныма келип, мойнумдан кучактап калды. Анын көздөрүнөн Жамиланын баягы тунук, мээримдүү карашын көрдүм.

– Ата, караңызчы, быйыл розалар өзгөчө көп гүл ачыптыр, – деди сүйүнүп.

Уулумдун чачынан сылап, акырын жылмайдым. Бул гүлдөр мен үчүн жөн эле гүл эмес эле. Бул Жамиланын ааламы, анын таза сүйүүсүнүн уландысы болчу.

Түнү бир керемет түш көрдүм. Түшүмдө Жамилам баягы ак көйнөгү менен, жаркыраган жүзү менен асмандан акырын түшүп келди. Ал адатындай мээримдүү жылмайып: «Ыракмат сага, Эрнист... Мен сага түбөлүккө ыраазымын...» – деп шыбырады. Мага ушуну гана айтканы келгенсип, акырын каалгып учуп кайра асманга көтөрүлдү. «Жамила?!» – мен ага колумду узатып, кармап калууга шашылдым. Анан анын канаттарын карап алаксып кеткендей

болдум. Ал асманга көтөрүлгөндө далысындагы эки чоң канаты эки жакка жайыла берди: Бир канаты – гүл, экинчи канаты – болоттон экен. Ал кеткен тарап көзүмдү уялтып ак нур жаап кирди асмандан. Нурга аралашып канатын жайып Жамила көздөн кайым болду.

Терезеден таңкы нурлар бөлмөгө толуп жатыптыр. Көзүмдү уялтып, Күн жаңыдан чачырап келаткан экен. Өңүм менен түшүм аралашып бактылуу ойгондум. Жүрөгүмдүн кагышын тыңшадым. Андан сагыныч менен кусалыктын, анан дагы өчпөгөн сүйүүнүн үнүн уктум. Мен бул жашоодо эң башкы нерсени – өлүмдөн да күчтүү, убакыттан да бийик чыныгы сүйүүнү сактап кала алганымды билдим. Сыртка чыгып, Күн чачырап келаткан көкмөк асманга тигилдим. Ушул көк мейкиндиктин бир жеринде, бизден алыс-алыс жактарда бир канаты гүл, бир канаты болот болгон периште мага, балдарыма көз салып, айланып учуп жүргөнүн сездим... Асманымдан кетпе, гүл канатчан периштем!

МАЗМУНУ

Аруулукка таазим 3

Гүл канатчан периште.....6

Айгүл Тоголокова

ГҮЛ КАНАТЧАН ПЕРИШТЕ

Редактору *Ж. Кадыров*
Корректору *К. Аркабаев*
Дизайнери *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Г. Ниязалиева*

16.09.2026-ж. кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 70x90 $^{1}/_{32}$. 5,0 б.т.
Нускасы 100.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек шаары, А.Үсөнбаев көчөсү, 149.
Тел.: 0772 34 70 28.